

Тургунбай Жумаев

# Оо, сүйүү

Ош - 2009

Тургунбай Жумаев

# Оо, сүйүү

(Ырлар)

...ская область
...ская областная
библиотека
Инв. 00015201-10021

Ош - 2009

УДК 742.50
ББК 84 Ки 7-4
Ж - 26

Ж-26 Жумаев Тургунбай, «Оо, сүйүү»,
Ырлар Ош-2009. 88-бет.

ISBN 978-9967-05-532-5

«Оо, сүйүү»- Жумаев Тургунбайдын үчүнчү ырлар жыйнагы. Жыйнакка негизинен кийинки мезгилде жаштарга арналып жазылган махабат темасындагы ырлары топтоштурулган. Ырлардын көркөмдүк деңгээлине баа берүүнү окурмандардын өзүлөрүнө койдук.

Ж 4904300020-09
ISBN 978-9967-05-532-5
УДК 742.50
ББК 84 Ки 7-4
© Т.Жумаев, 2009



**Автор жөнүндө**

Жумаев Тургунбай 1954-жылы туулган. Жогорку билимдүү. «Кумар көз», «Сен бар үчүн» ырлар жыйнактарынын, «Байыркы бабалар жеринде», «Эл адамы» даректүү баяндар китептеринин автору. Курбаналы Сабыров атындагы адабий сыйлыктын ээси.

1974-жылдан бери билим берүү тармагында эмгектенет. Мектептерде мугалим, директор, райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу, тескөөчү, усулкананын башчысы, бөлүм башчынын орун басары кызматтарын аркалаган. Азыркы учурда Билим берүү кызматкелеринин кесиптик

бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагасы. «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» жана «Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлик кыймылынын мыктысы» төш белгилери менен сыйланган.



## МАХАБАТ-ЫЙЫК СЕЗИМ

Сизге тартууланып жаткан бул китепче аруу сезим махабат жөнүндө, урматтуу окурман! Адам баласынын ички сезимдеринин эң эле ыйыгы, эң эле тазасы болгон махабат жөнүндө кимдер жазып, кимдер ырдабаган. Бул машакаттуу сезимге кабылбаган, анын жан жыргаткан жыргалы менен жан кашайткан кууралын өз башынан өткөрбөгөн адам барбы деги бул жарык дүйнөдө?

Канчалаган тирандардын кылычтарынын өткүр мизин кумар көздүү дилбарлардын мээримдүү көз карашы майтарганын тастыктайт кары тарых. Канчалардын башын бушайманга салган ошол жыргал менен кууралдуу ыйык сезим бирде эргитип, бирде чөктүрүп миң бир ыргактуу ырга айлантат. Ошон үчүн махабат-ыр, ыр-махабат. Ошон үчүн ар бир сүйгөн жандын жан дүйнөсү тазарып, өз дилинде ашыктыктын акыны болуп калат. Албетте, өз деңгээлине жараша.


Ошол сезим адамды тымызын башкарып, колдон алып жетелеп, барар багытын көрсөтүп, алга карай үндөп, сүрөп жүрүп

отурат өмүр бою. Анын сыйкырлуу касиетинен жаралган нечен шедеврлер кайра адам баласына айныбай кызмат кылып, андагы ыйык сезимдерди аруулантып, тунутуп келе жатат.

Бирок, ал сезим ар кимде ар кандайча жашайт, өнүгөт, өсөт, балким мокойт, кайра тутанып жанданат. Бирөөнүкү бирөөнүкүнө түк окшобойт. Өзүнчө кулпуруп, өзүнчө ыргалат, өзүнчө ыргакка түшөт. Ошонусу менен кызыктуу да, сөөлөттүү да, купуялуу да, азаптуу да. Анын эч кандай эреже-аныктамасы, даяр калыбы, токулган мыйзамы жок.

Анда эмесе өзүңүз окуңуз да, өзүңүз талдаңыз. Китепче сиздин колуңузда.

Автор.



## СЕЗИМ ТАМЧЫЛАРЫ

*(түрмөк)*

Арзуу деген өкүмү күч, өрт сезим,
Байрак болуп келет алга жетелеп.
Бир өмүргө жетер билсең, бир сүйүү,
Максат үчүн Күндөй жанып, күй демек.

# I

Өзүм жалгыз. Жалгызым – туулган
жерим,
Атам, энем, жан дилим-эне тилим.
Өмүрүм да жапжалгыз бул жалганда,
Анан да жүрөгүмдө жалгыз өзүң.

Жан шеригим, ишенген жалгыз сенсин,
Өмүр бою издеп сендей таба албасмын.
Арзуум күчөп кыялга алдырсам да,
Өзүңсүз жашоом супсак, тана албасмын.

Уламышы уланып бул жалгандын,
Жаңылыктар жаралып өтмө катар.
Жаткан менен жүрөктө жалгыз өзүң,
Кетпесимсин, ай жылып, өтсүн жылдар.

II

Жарк эткен күлкүң – көктөмдө таңдын
атканы,
Күлкүңдүн ар бир ыргагы дилде
катталуу.
Качанга дейре карайлайм карап көзүңдү,
Көңүлү таза, көксөөсү бийик Айжаркын!

Билинбей жүрүп, билигин аста чоңойтуп,
Жүрөктүн шамын жайына койбой
ыргалттың.
Баратат улам, кан-жанга сиңип жан
дүйнөң,
Созолонт эми сооптук ырың, Айжаркын.

Санаага салбай, дардисар кылбай арасат,
Ардагым болуп, ак куудай болуп
жанажан
Бычактын накта мизинде турган сезимди,
Бооруңа кысып, аясаң, жаным, аясаң!!

III

Кел жаным, көлдү бойлоп, көлгө
айланып,
Толкундап, жээкти көздөй таркалабыз.
Төгүлүп арман күүлөр, жоошуп ичтен,
Көк бетин, күзгү кылып таранабыз.

Көл кечи кандай азем, таң калычтуу!
Кел, жаным, толкундарга чайканабыз.
Жан дүйнө ырахатын алып кайра,
Апакай булут болуп таралабыз.

Кел, жаным, көл боюнда сырдашабыз,
Махабаттын эски ырын ырдашабыз.
Тазартып муң каптаган сезимдерди,
Көксөп жүрүп жетпеген кырды ашабыз.

## IV

Булактай коктудагы шар ага элек,
Шурудай кыз мойнуна тагыла элек.
Кулпудай кутудагы ачыла элек,
Сен мага жолуккансың аруу бойдон.

Күтпөгөм, жолуктуң да капысынан,
Чагылгандай от жагып тулку-бойго.
Эс-учумдан тандырып койбой ойго,
Сыйкырчыдай арбадың ошол тойдо.

Бакыт кушу башымдан сылагансып,
Жадырап, жан дүнүйөм төгүл-чачыл.
Мүрөк суусун экөөбүз бир жуткансып,
Сагыныч, черди жазуу кандай асыл!

## V

Жолдор менен таштуу дагы, даңгыр да,
Үмүт менен, максат менен апаппак
Алып келген арман жүктөп алдыңа,
Арзууга мол тагдырга миң ырахмат!

Койчу аны, деп колду бейжай шилтебей,
Башым катып, кыска ойго жеңдирбей.
Келдим кайра сенин көзүң көргөнү,
Алоолонгон жалыныңдан сезгенбей.

Бүт дилимди мүрөк суудай тунутуп,
Өткөнүмдү көңүлгө албай унутуп,
Келдим тунук карегиңе чөккөнү,
Анан дагы көздөрүңдөн өпкөнү.

VI

Токтобогон, токтой дагы албаган,
Алга шашып, алдас урган мүнөттөр.
Айгай салып, көңүлгө алып койбойт
түк,
Сагынса да, саргайса да жүрөктөр.

Таңда, кечте издөө салгын артынан,
Күн өткөнүн, ай өткөнүн сезбестен.
Кучагыңда миң кыялдын термелгин,
Кеткен кезиң кайтып кайра келбестир.

Ак ниетиң, ак мээнетиң, максатың,
Турса дагы жан дүйнөңө жарашып.
Аяп койбойт, кейип койбойт алыңа,
Кеткен кезиң келбейт кайра адашып.

## VII

Көрүп туруп акты ак дей албаган,
Жашоо көчүн тыным албай айдаган.
Заманда да өң-келбетин өзгөртпөй,
Ак сөз жана сүйүү гана жашаган.

Чындык турса кур дооматтан чыркырап,
Күр-шар этип аккан тоонун суусундай,
Аза бойго арамдыкты жолотпой,
Ак сөз жана сүйүү гана жашаган.

Татыксыздар ээлеп бийлик сересин,
Мыйзамына, эл ыркына карабай
Жатса дагы, тике карап чындыкка,
Ак сөз жана сүйүү гана жашаган.

## VIII

Конур күздүн айлуу түнүн жамынып,
Бутту шилтейм, шуудур-шуудур
жалбырак.
Тоодой бедел, чексиз кубат, күч берип,
Нур чачырап наз элесиң кол булгайт.

Кечиктимби алдап сааттын жебеси,
Сезбедимби назиктигин көңүлдүн.
Укпадымбы үнүн аян жүрөктүн,
Көп көрдүмбү, көз ирмемин өмүрдүн?!

Аруу сезим салып бейпай, саатына,
Карабастан мансап, бийлик, шартыма.
Өзгөдө жок өкүмдүгүн жүргүзүп,
Алып келди бир өзүнө – бактыма.

## IX

Экөөбүздү койгон тагдыр умсунтуп,
Мен сени эңсеп, сен мени эңсеп
жүргөнгө.
Кандай гана мерес, өжөр, айныбас,
Арзуу деген азаптуу жол билгенге.

Ышкы оту өкүмү күч-өрт кезим,
Үмүт өңдүү келет алга жетелеп,
Бир өмүргө жетет, билсең, бул сезим,
Колдон келсе чын жүрөктөн сүй, демек.

Жолуктурган экөөбүздү тагдыр суз,
Кечки шамда, сары жалбырак коңур күз.
Жылдар жылып, жолдор ача болсо да,
Кетпе менден, кетпе сүйүүм, буруп жүз!?

## X

Жашоого не келгенимди билбегем,
Сага туш келип, көңүл оту жанганча,
Карап көрсөм, калган күндүн туткасы,
Сен экенсиң, суум түгөнүп калганча.

Иштеп, ырдап, ойноп, күлүп, дем алып,
Жүргөнүм бүт экендигин сен үчүн.
Сезип эми жан дүйнөмдөн нур тамат,
Мөлтүр, таза, аруу, аппак үмүтүм.

Назик, уяң кыялкечим, периштем,
Сенсиң эми бир өмүрлүк жан шерик.
Жылмайганың – куттуу ырыс, дөөлөтүм,
Бактымды ырдайм жан дилимди
эңшерип.

## XI

Каалаганым – көздөрүңдө жансын от,
Алоолонуп өткүр, илгир, шок болуп.
Тереңине бейпилдикти сиңирип,
Жаш толкундай жээкке урунган
токтолуп.

Каалаганым – иште, үйдө, сапарда,
Жүргөн кезде санааркоомду ката албай,
Түшкө кирчи тоо башында ай болуп,
Жүдөп кетсем үйдө жалгыз жата албай.

Күтүлбөстүк экөөбүздү арбасын,
Көзүбүздөн тунук нурлар чачырап.
Жакындоодон улам, улам асталап,
Муундардагы майда, жагым калтырак.

## XII

Бар демөөрүм – тунуктугуң мөңгүдөй,
Бар табылгам – ишенчээк махабатым.
Шон үчүндүр кылактап кыйбас болуп,
Көз талдырып жолуңду каратасың.

Бүт турпатың – айныбаган ай чырай,
Акыл калчап айткан ширин сөздөрүң.
Жөн койбостон жүрөк, жүлүн жибиткен,
Көлдөй терең мынча сырдуу көздөрүң?!

Назданганың ушунчалык жагымдуу!
Башка жандан андай жагым таппадым.
Дилиң аппак бийик тоонун карындай,
Үлбүрөк ак көйнөгүңдөй, аппагым.

## XIII

Кемибеген, кемтилбеген чекеси,
Эсеби бар, эсепке так, чоту бар.
Түгөнбөгөн, түтөй берген түбүнөн,
Бул сүйүүнүн түбөлүктүү оту бар

Кызыктырып кыялдарды терметкен,
Билинбеген тикенектүү гүлү бар.
Жаралганда жадабаган, жазбаган,
Өз кайрыгы, өз обону, үнү бар.

Менменсиген эрендерди какшатып,
Меңдеттирген, мээнети күч күйүү-ал.
Канчалаган ханды тизе бүктүргөн,
Кайра жанбас оттон күчтүү сүйүү-ал.

## XIV

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Ачыктыгың, шайырлыгың таң калтты.
Айлам катты, а жүрөктүн жарасын,
Тынч койбостон ырбаттың да,
ырбаттың!

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Танкы шоолам болдуң, кетпес нур
бактым.
Мен өзүңдөн илхам алдым өмүрлүк,
Мен өзүңдөн кайрыгы мол ыр таптым.

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Күтпөгөнмүн, күйүт ырын ырдаттың,
Ачып салып жан дүнүйө кулпусун,
Катыгүн ай, ички сырым сага айттым.

## XV

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Жаңы бышкан мөмөсүндөй чарбактын.
Сен турасың шакта ийилип, мен паста,
Колум жетпей, жүрөгүмдү сыздаттың.

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Сен периси өрүкзарлуу аймактын.
Кыялымда гүлзарыңа баш бактым,
А чынында неге мынча какшаттың?...

Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!
Көздөрүңдүн оту менен жалтанттың.
Азабыңды тартсам мейли, тартайын,
Аттигиниң, бул дартымды неге айттым?!

## XV I

Кайрыктары жагымдуу эски ырлардай,
Өткөндү эстеп, жан эргиткен жыргалдай.
Сенин барың бул өмүргө зор тирек,
Жашап келем шыбагамдан кур калбай.

Сен бар үчүн толуп бакыт чөйчөгүм,
Унуттуруп жашоонун бүт көйгөйүн.
Сенин демиң менин күчтүү таянчым,
Көлөкөлүү байтүп чынар терегим.

Сен бар үчүн үнүм шаңдуу угулат,
Жашоо өзү бакыт болуп туюлат.
Сенсиз, ырас, мен бир байкуш кокуймун,
Сага арнап ырларымды окуймун.

## XVII

Баары кетти, баары өткөнгө айланды,
Эрктин күчү, ширин кыял, айлуу түн.
Жалгыз гана калды элесиң көзүмдө,
Жүрөгүмдө калдың жалгыз бир өзүң.

Жүрөктү ээлеп, калдың жалгыз бир өзүң,
Денемдеги чуркап турган канымдай.
Жан дилимде сага арналган жалгыз ыр,
Мен эрте-кеч ырдап жүргөн жаңылбай.

Баары кетип, айланууда өткөнгө,
Өйдөлөгөн сайын улам жаш курак.
Жарк дей түшчү жан дүйнөмдү
жаркытып,
Ак сүйүүмө болуп кубат, шам чырак.

## XVIII

Мынчалык буга чейин кыйналбагам,
Келбедин, күтүлбөгөн кыйноо салып.
Көңүлүңдү көтөрүп жүргүм келген,
Жибек чачың ак таңда желге ыргалтып.

Мынчалык буга чейин өксүбөгөм,
Сага жетүү ишке ашпас эңсөө беле?
Кышкы ызгаардай буюктум туюк ойдон,
Көксөгөнүм гүл жыттуу көктөм эле.

Мынчалык буга чейин эзилбегем,
Сукбатташып жүрөм деп өзүң менен
Ойлоп жүргөм, ойлорум ойрон болду,
Эми качан өзүңдү көрөр экем?!.

## XIX

Көп жыл өттү арадан, көп жыл өттү,
Канча кар жаап, канча жаз жашын төктү.
Көктөбөдү көп ойлор көңүлдөгү,
Көңүлдөгү көп сырлар чечилбеди.

Көңүлдү эзген көп сырлар төгүлбөдү,
Көздөрүңдөн тунук ой сезилбеди.
Көңүл коштук мендеги сезимдерди,
Кыялга бай дилиңе көчүрбөдү.

Каржалтып жан дүйнөңдү бөтөн
ташпиш,
Мендеги сүйүү күчүн сезбей калдың.
Ырлар жаздым сергилең таңды утурлап,
Сезим-дилиң козгоого сендей жандын.

## XX

Көптү көрдүм, көптү берди жараткан
Жаштык, жумуш жана өксүк көңүлдү.
Жүрөгүмдүн тынчын алган беймаал
Эстейм дайым Айжаркыным өзүңдү!

Жан дүйнөмө тынчтык бербей койдуң
да,
Жаштык кездин айдыңында кезигип.
Жалынында күйдү жаным алоолоп,
Сүйдүм анан бир өзүңдү берилип.

Капылеттен булут басты асманды,
Бүт жер туман, жашоом өзү бүт туман.
Айтайын ук, жүрөк сырын буулган
Күйүт ырдын музасына жуулган..

## XXI

Мурда мындай көз караш жолукпаган,
Каректер ай, көргөн жанды арбаган!
Оттой жанган мындай мээрим
жылуулук,
Жан болбогон мени жипсиз байлаган.

Даңкы жок сөз, оту алсыз көз караш,
Жалын жүрөк жаштыгымды алдатып,
Жүргөн кезде кайдан келе калдың сен,
Дилге тереӊ жылуу сезим жаратып?

Бир жыттагым келип турат чачыӊдан,
Дил чырагын жарыктантат жүзүң бу?
Не кылаарым билбей турам нес болуп,
Дендароомун сүйүп калып өзүңдү.

## XXII

Жибибей турса сендеги сезим сенектеп,
Жок жерден өзүңдү алдап кайгы үйбө.
Кантейин кумар сезим турса ойгонбой,
Күнөөсүз жүрөгүмдү күнөөлөбө.

Шападаң урат жагымсыз бир дирилдек,
Дил нугун кантип сага көчүрөйүн.
Ансыз да муздап барат сезим байкуш,
Беймаза кыла берип өчүрбөгүн.

Алыс калган оттордун табы качкан,
Аялуу жан-сезимиме таңыркаба.
Ансыз да толуп-ташып турган чакта,
Айыпсыз жүрөгүмдү жарып салба.

## XXIII

Экөөбүз -тоо мөңгүсү, мол булакпыз,
Экөөбүз- кызгылтым кеч, аткан таңбыз.
Толуктайбыз барибиз-бирибизди,
Жетелешип бир жол, бир сапардабыз.

Умтулган багытыбыз-чыгыш тарап,
Туу туткан сезимибиз – ак махабат.
Күткөнүбүз- кызылы туу чокунун,
Жолугушсак түнүбүз танга айланат.

Таңдар атат канча ирет жерди агартып,
Күндөр өтөт токтобой атаганат.
Жүрөк кургур токтосо тык деп бир күн.
Артта калаар, мурас бул - ак махабат..:

## XXIV

Өткөн ишке өкүнбөйт, эгер билсең,
Жаштык баркын кадырлап баалай
жүргөн.
Күндөр келет кол булгап, түндөр келет,
Жалын чачып жадырап ойноп күлгөн.

Жакшы тилек жана да аруу оюң,
Жарык кылат күнү-түн баскан жолуң.
Жылуу сөзүң эритип жүрөк музун,
Көкөлөтөт обого көңүл кушун.

Жолоочунун жакшы дейт жолдогусу,
Жолумду улайм кечикпей сапарымдан.
Жароокерим, жарк этип тосуп чыкчы,
Жазган болсо жакшылык тагдырыма?

## XXV

Ай чыкты, эми сени чыгат дедим,
Чыкпадың. Басаңдады ички демим.
Сезилдин кол жетпеген айдай болуп,
Сени деп алоолонот ички сезим.

Сени деп түн уйкумдан бездим бүгүн,
Сени издеп айлуу бакты кездим бүтүн.
Балыктай акактадым жээкте калган,
Үмүтүм шамга айланды бүлбүл жанган.

Тан да атты, тил безеп торгой таңшыйт,
Борс-борс үргөн бир иттин үнү
ганшыйт.
Аппак көйнөк жарашкан cooматына,
Кезигемин мен качан ooматыма?!

# XXVI

Мен сени кандай гана сүйгөн элем,
Сүйгөн элем жалооруп күйүп-жанып.
Жалынындан шашылып ууртап алып,
Өрт кеткенин ичимден билбей калып.

Көздөрүңдөн чачырап турчу жалын,
Бүт берилгем өзүңө калбай жаным.
Укпай коюп тыз эткен жүрөк сөзүн,
Жек көрүнүп отурам өзүмө өзүм.

Кең эле жол, неге эми тарып калды?
Сапарыбыз неге эрте карып калды?
Кана татпай калдыкпы сезим даамын?
Биз эңсеген бакытыбыз алыс калды.

## XXVII

Жалооруп, жолду канча карабагын,
Жолугууну канчалык самабагын.
Ортодо жанган оттун табы качкан.
Баягыдай каалганды не кага албаймын?

Көрүнбөйсүң негедир көчө-көйдөн?
Талып ооруйт көзүмдүн каректери.
Кулагыма жагымсыз шуулдашат
Сен чоңойгон көчөнүн теректери.

Эсимдесин, а бирок калдың дале,
Бактым болуп баа-наркы ченелбеген.
Ылгайт тура тагдырдын таразасы,
Ким болсоң да карабай ченем менен.

## XXVIII

Оңой менен чечилбес бир жан элем,
Оңой эле жумшарттың мүнөзүмдү.
Шыңгыр күлкүң, көз караш назың
менен,
Ырга айланып ээледиң жүрөгүмдү.

Ичтен тынып жүрбөстөн, ичтен сызып,
Бар сырымды катпастан жүрөгүмө,
Арзуу толо ажайып ыргакка бай,
Ырга айланып баратам бир өзүңө.

Ырым менен арбагым келип турат,
Сырымды айтып, жайнагым келип турат.
Өзгөгө ыраа көрбөй өмүр соңун,
Бир өзүңө арнагым келип турат.

## XXIX

Агылууда өмүр көчү буулугуп ,
Жанды эргитип, жалт каратат элесиң.
Наристедей пейили таза, жайдары,
Карапайым бир жан элең сен өзүң.

Оттуу эле кара көзүң, шок эле,
Суктанбаган сага жигит жок эле.
Сунулбастан калды канча ыр- букет,
Айтаар сөзүм айтып калбай шондо эле.

Калтыратат сени эстөө аза бойду,
Жазылмагы ырлардын азап болду.
Жалгыз калган торгойдой талаадагы,
Безеленем табалбай сага жолду.

### XXX

Асман толо жылдыз жанат, Ай жалгыз,
Айылда сен, а бул жакта мен жалгыз.
Гарып болдук сыр түйүнүн чече албай,
Жүрөктөрдү качангаче алдайбыз?

Бир көргөнгө кабак ачык, ойлор түз,
Бир санынан кийинки эки нөлдөйбүз.
Сары-санаа сырды ачпай, анан не,
Буйругуна жүрөктөрдүн көнбөйбүз?

Өйүз-бүйүз өскөн эки талдайбыз,
Дайрадагы куушуп аккан салдайбыз.
Алыс жүрбөй жыргалы мол өмүрдүн,
Арабасын качан бирге айдайбыз?

## XXXI

Үлпүлдөгөн үмүттөрдү алдейлеп,
Жүрөктөрдү күүгө салып, сүйүнттүк.
Маашыр болуп сүйүүбүзгө кеч келген,
Башкаларды эмне үчүн күйүнттүк?

Башка жандан бактыбызды талаштык,
Кыйма-чийме экен ал жол, адаштык.
Көңүлдөрдү калтырбастан кеч күздө,
Эки айрылыш жолдон кайра табыштык.

Сендей жанды күтүп, эңсеп жүрдүм көп.
Жолуктуң да, жүрөгүмө от жактың.
Бирок тагдыр насип кылбай сүйүүңдү,
Жүрөк ооруйт, андан башка не таптым?

## XXXII

Тагдыр буйруп тар көчөдө жолугуп,
Жүрөк булкуп же тил албай оолугуп.
Айла катты тунгуюктан чыга албай,
Сезимдердин жолу турат тоорулуп.

Аппак, аруу тилегиң да, назың да,
Жүрөгүмө назиктикти уюткан.
Кайда жүрдүң кара көзүң моймолжуп,
Кайда жүрдүн бир туш келбей мурунтан?

Эми минтип эки жолдо экөөбүз,
Бул өмүрдүн өрүн көздөй көчөбүз.
Кокусунан оро-пара туш келсек,
Бейтааныштай бейкам гана өтөбүз.

## XXXIII

Кейпин кийип жалгыз калган күлүктүн,
Күндөп, түндөп сени издедим, күйүктүм.
Көп убадаң кылды мени убара,
Убарама кейибеймин, сүйүктүүм.

Жаздын түнү. Күтүп турсам келет деп,
Жолтоо болуп жамгыр төктү көнөктөп.
Апаң эми кайдан сени чыгарсын,
Атаң жатса сени пайлап өбөктөп.

Дыбырт-дыбырт, жаңы ырын жазгандай,
Жамгыр тынбай же мен кетип кала
албай.
Сени күткөн күндөр уюп дилиме,
Чыкпайт эстен. Делбе болуп каламбы
ай!

## XXXIV

Махабатым-жылдыз ал көктө жанган,
Мөлтүлдөгөн жаштык кез артта калган.
Жийде жыттуу саамайың сылап жүрүп,
Жигиттигим кермурут сенде калган.

Аппак була өңдөнгөн балалыгым,
Аруулукту апакай таңдан алган.
Агарганы чачымдын арман эмес,
Арзуусу мол ак сүйүүм сенде калган.

Махабатым- жаштыгым оттой жанган,
Ыргагынды дале издеп ылгап алам.
Наристедей пакиза сүйүүбүздүн,
Жарыгынан жанданып жыргап калам.

## XXXV

Жоодураган көздөрүң оттой жанып,
Ысыгына чоолаган жайкы аптапсың.
Көргөн сайын азгырып алдай берген,
Кызылы кызыктырган кызгалдаксың.

Жылт коюп өтсө дагы канча жылдар,
Жылт этип өчпөй жүрөт оттуу сезим.
Толтуруп көкүрөккө кусалыкты,
Өзүмө ээ боло албай турган кезим.

Мен эми кимге айтып түгөтөмүн,
Жанымды жай алдырбас арманымды.
Өзүңдү күн-түн эңсеп издей берип,
Мунжунун кейпин кийип каламынбы?

## XXXVI

Алтыным, көлдөй толкуп көйкөлдүңбү?
Апкаарып, туталанып өзгөрдүңбү?
Карматпай ойлор сени кыйнадыбы,
Өзүн сайып бүтүргөн көшөгө өңдүү?

Кучагында санаанын термелдиңби?
Ким  сенин наз күлкүңдү эрөөн көрдү?
Суу жетпеген эгиндей болдуңбу же,
Жамгыр күтүп кумсарган өрөөндөгү?

Кайрадан окуйм жазган каттарыңды,
Улам  жаңы ой берген, арзуу берген.
Ырдасам кайра өзүңдү ырга айлантып,
Сырга бай наз күлкүңө арзыйт белем!

## XXXVII

Өзүмдү сенден оолак жүрө албадым,
Ызамды элдей ичиме жута албадым,
Алдырып ийдим, аңдабай жүрүп
алтыным,
Учуруп колдон кушумду тута албадым.

Өткөрүп ийдим баа жетпес кымбат
кезимди,
Сагынам эстеп секелек аруу сезимди.
Бүтүндөй денем, кусанын тийип
капшабы,
Өтүшүп кеткен өрүктөй болуп эзилдим.

Арбаган жанды, арбаган аппак сезимди,
Эстээрсиң сен да, анардай кызыл
кезиңди.
Ал түндө көргөн кымча бел, ноода
элесиң,
Илеби жылуу таң нуру болуп сезилди.

## XXXVIII

Мурда-кийин мындай сөздү укпагам,
Уксам дагы же маанисин чакпагам.
Кээ келиндин жеңил болот төрөтү...
Ырды муюп, укса дешет. Таң калам.

Бир кызык иш. Тамашалык бир келин,
Ыр дегенде оттой күйүп жаныптыр.
Эгемберди Эрматовдун ырларын,
Окуганга талгак болуп калыптыр.

Бир тузу кем, бирок мен да чиймелейм,
Жаншеригим, жарыктыктан түңүлбө.
Төрөт үйүн төрт айланып кетпестен,
Ыр окуйун терезеңдин түбүндө.

## XXXIX

Сүйүүдөн кайрылбасын кош канатың,
Кышкы кардан сынгандай шагы
өрүктүн.
Милдетин тирүүлүктүн моюнга алып,
Жашоо деген- мыйзамы тирүүлүктүн.

Көздөрүңдө көп сыр бар, нокоттой сыр,
Карегиңде жазылуу айтпасаң да.
Сүйүп жүрүп жашагың келет сенин,
Сени сүйүп жашоого келгем мен да.

Сен бар үчүн тар үй да кеңдик кылат,
Ач көз жанга бүт аалам тардык кылат.
Сүйүп калуу бир күндүк иштир, балким,
Унутууга бир өмүр аздык кылат.

*Миң-Өрүк шамал багы*
*2002-2008-жылдар.*

# *Оо сүйүү!*
(түрмөк)

Оо, сүйүү!
Сен бар үчүн сагыныч бар, эргүү бар,
Бирин- бири арзып издейт жүрөктөр.
Сен бар үчүн жашоо учугу уланып,
Өз огунда тегерене берет жер.

I

Оо, сүйүү!
Сөзмөр кылып, чечен кылып салдыңбы,
Жүрсөм керек сөздүн баркын түшүнбөй.
Жан дүйнөмдү алоолонттуң от кылып,
Делөөрүтүп табымды ылдый түшүрбөй.

Алдыңбы эми колдон бекем жетелеп?
Сени алдастап буйтап качып кете
албайм,
Турган менен ой-максаттан көз күйүп,
Мустар болом кайра өзүңө жете албай.

Ырлар жаздым окуйбу деп Айдыңым,
Сезим дүрбөп жолго чыгып алыпмын.
Анан барып арт жагыма кылчайсам,
Сенден алыс ыраак кетип калыпмын.

Бар билгеним таазим кылып өзүңө,
Нурдан бүткөн турпатыңа сыйынам.
Эрте-кечпи, балким көп жыл өткөн соң,
Сенин кулуң болуп элге таанылам.

## II

Оо, сүйүү!
Кимдер сени ыйык тутуп, туу тутуп,
Таазим кылып, башын ийип турбаган.
Тилиң билген жандар жетип максатка,
Тил азарлар жарым жолдо кууралган.

Мен да Сенин чындыгыңа ишенбей,
Жүрдүм көп жыл, убакыттар закымдап.
Тоңмоюндук жеңилди эми мендеги,
Эми сени пир тутууга акым бар.

Улутунтуп, умсундуруп жылдарым,
Өзүң болбой өмүр багым, гүл багым,
Анан дагы даамың татып канбапмын,
Сага арналбай калды далай ырларым.

Саат жүрүп, суу шылдырап, дайра агып,
Сага жипсиз калган окшоймн байланып.
Сенин назың, кумар отуң азгырып,
Эңсөөм күчөп, сен келесиң жазгырып...

## III

Оо, сүйүү!
Сен тагдырсың, жылдызыбыз туш
келген,
Экөөбүзгө болдуң сынбас көпүрө.
Бирибизди бирибиз таппай сагынган,
Ошол күндөр окшойт айсыз түндөргө...

Ырдай албай уяң, мокок жан элем.
Үнүмдү ачтың, безелентип ырдаттын,
Айдыңымдын ай чырайлуу келбетин,
Даңазалап кайрыктарды жараттым.

Кат жаздырдың чиймелетип өйдө-
ылдый,
«Жактырамын жалгыз гана сени» мен.
Андан бери жылдар жылга алмашып,
Жообуң күтүп, жаным албай келет сеп.

Кырга чыгып Айдыңымды издедим,
Сен айланып кетиптирсиң закымга.
Жалгызсырап күйүт ырын ырдадым:
«Силерди мен көрөр бекем жакында...»

## IV

Оо, сүйүү!
Кайда, качан, кайсы күчтөн жаралдың,
Кантип таптың жигит, кыздын жүрөгүн?
Канчаларды салдың сары убайга,
Канча жүрөк болду сенин түнөгүң?

Ооба, айтып бере албастыр аны эч ким,
Өзүңдүн да сан эсебиң жетпестир.
Канчалардын бириктирдиң тагдырын,
Алар сени, сен да аларды эстей жүр!

Мен да алкап жашайм сени таңды- кеч,
Сен бар үчүн калган өмүр узарат.
Күтөм, эңсеп, жетине албай, жете албай,
Аткан таңды, чыккан күндү кызарып.

Сен бар үчүн сагыныч бар, эргүү бар,
Бирин-бири арзып издейт жүрөктөр.
Сен бар үчүн жашоо учугу уланып,
Өз огунда тегерене берет жер.

## V

Оо, сүйүү!
Базар күнкү көз боочунун ойнундай,
Түпкүрүнөн орун алдың оюмдун.
Айдыңымдан башка көзгө көрүнбөй,
Айдан түшкөн перизаттай туюлдуң.

Өзүң чийген бийиктеги канат жол,
Алга карай улам өргө жетелейт.
Ички бир үн: « Жетпейсиң…»-деп
шыбырайт,
Экинчиси: «Коркуп артка кетпе!»-дейт.

Өзгөчөмө кеткен асма көпүрө,
Жеткиреби? Ара жолдо калбайын.
Күнү-түнү тынбай басып жол жүрө,
Кадыр туткан кара көзүм табайын.

Абийир бер, мүдүрүлбөс кубат бер,
Өзүмдү анын көздөрүнөн көрөйүн.
Табын туюп тааныш жумшак колдордун,
Гилас жыттуу илебинен өбөйүн.

## VI

Оо, сүйүү!
Сен айтылып бүтпөгөн жомоктойсуң,
Күттүрбөстөн бир келген коноктойсуң.
Жан дүйнөмө кирдиң да, деңиздеги,
Кызыктырып балыктай ойноктойсуң.

Жан дүйнөмдү жарк этип сүйүнтөсүң,
Тереңиңе оп тартып үңүлтөсүң,
Анан эле түндөгү ак чөлмөктөй,
Издеттирип таптырбай түңүлтөсүң.

Ак мөңгүдөн агылган суудай болуп,
Асманда учкан апаппак куудай болуп.
Бүт көңүлүм өзүңө буруп алып,
Желбирейсиң кырмызы туудай болуп.

Эстетип артта калган жаштык чакты,
Армандуу өткөн күн, аткан таңды.
Дирижердой таягын чимирилткен,
Ырдатасың эритип мынча адамды!

## VII

Оо, сүйүү!
Кара күчкө мени мынча элиртпе,
Билинбестен арты катуу айдагың.
Шишип толгон шардай учуп, бийикте,
Тарс жарылып дайным таппай
калбайын.

Сени ээрчип аргасыз болдум делбе,
Кайда барып токтоймун, кайсы белге?
Айдыңымдын көңүлүн иренжитип,
Тоскум келбейт оозумду муздак желге…

Бирибизге бирибиз куп жарашып,
Ажырашпай жүрсөк болду жанашып.
Бир нук менен мөлтүр тунук булактай,
Аккым келет алып андан илхам, шык.

Ыйык сүйүү, сен бар үчүн ар дайым,
Дилибизден куттуу жарык нур жансын.
Биз жөнүндө ушак, айың кеп жүрбөй,
Эң башкысы – жүрөктөгү ыр калсын.

## VIII

Оо, сүйүү!
Мени мынча кыйнабачы, суранам,
Бирде муздак, бирде ысык суу чачып.
Көтөрөөрмүн азабыңды канчалык,
Ооруса да тулку боюм жан ачып.

Адам Ата, Обо Эненин туптунук,
Сезимдерин алгач өзүң бергенсиң.
Миң-миллион жүрөктөргө от жагып,
Меселдетип ырга айлантып келесиң.

Неге бизге калдың экен жолугуп,
Алып анын тынчтыгын, менин дагы
Беймарал өмүр күнүм көрсөм болмок,
Өзүмдүн өзүм согуп арбайымды.

Кумар көзгө дилде жалын жалбырттап,
А сен турсаң эки ортого от жагып,
Кайсы бир жан карап чыдап тура алмак.
Карап турбай, табыңа анан жылынмак.

## IX

Оо, сүйүү!
Сен ыйыксың, башка ыйыктар чендебес,
Сен бийиксиң баарына эле кол жетпес.
Таразасың тактык үчүн жаралган,
Тактыгыңа акыл жетпес, сөз жетпес.

Сен ошондо мөлмөлүмө туш кылып,
Башка түшкөн кайгым,шорум,ар болдун.
Ойнобойун десем дагы жашынмак,
Анда-мында бир көрүнүп жок болдуң...

Жалгыз терип эски жолдун таштарын,
Жол боюнда сени тосуп отурам,
Артта калды арманы жык алтын кез,
Алды жакта күткөн азап толтура.

Ошентсе да ыйыктыгың жоготпой,
Тунуксуң сен булганычты жолотпой
Аруулуктун мекенине түнөтүп,
Жүрсөк деймин сени ардактап коноктой.

## Х.

Оо, сүйүү!
Сен терметип бейгам жаткан жүрөктү,
Аппак кызга ашык болуп калыпмын.
Жашыра албай жаткан сырды ичтеги,
Гилас кызга, гиластай ыр жазыпмын.

Алдың-кийин дил кубатын таптабай,
Кашаң атты зор байгеге салыпмын.
Алдыдагы абийир сотун ойлобой,
Ашыктыкка жакын болуп алыпмын.

Ыр окупмун жаштар толгон кечтерде,
Айдыңымды шок кыздардан угат деп.
Аңдабапмын дээрим деги канчалык,
Бул үчүн мен угарым чын шылдың кеп…

Сени даңктап жан дүйнөмдү каккылып,
Ырлар жаздым кашаң, аз-маз кынаптап.
«Баштадыңбы, демек, эми таштаба,»-
Деп, дем берди ышкы акыны Эрматов.

## XI

Оо, сүйүү!
Сен кызыл кан тамырлардан тамырга,
Тыным билбей чуркаганың, чуркаган.
Чарчабаган, уйку даамын сезбеген,
Күч-кубатты кайдан алдын, таң калам?!

Денедеги кан сыңары тынымсыз,
Азык ташып жүгүргөнүң, жүгүргөн.
Түпкүрүңө жетпей терең сырыңдын,
Турпатыңа үңүлгөнүм, үңүлгөн.

Буйругуңду аткарбастан жүрө албайм,
Же өзүңдү койо албаймын кишендеп.
Ыйык сезим ыйыктыгын жоготпой,
Бир өзүңө ишенгеним, ишенген.

Таңда, кечте, калың ак кар, жамгырда,
Айдыңыма бараарда же кайтаарда,
Жадымдасың, өмүргө да кеч кирет,
Ырлар калат, жашайсың сен ырларда.

## XII

Оо, сүйүү !
Канымдасын, анан да алыстайсың,
Караңгысың, а бирок жарыктайсың.
Сыркоолосом сыйкырлап шыпаа берип,
Айыктырган дарыгер табыптайсың.

Кайда барсам ээрчиген көлөкөмсүң,
Байлыгымды толуктаар берекемсиң.
Туш тараптан тосмого камап алган,
Көзгө атар мергенге тең экенсин!

Дегдеттирген, энсеткен ашыгымсың,
Алмашаарга теңи жок асылымсың.
Өйдө-ылдыйы өзүңө байланышкан,
Денемдеги канымдын басымысың.

Максат кылып жол алган аралымсың,
Көлөкөлөп салкындаар дарагымсың.
Сен болбосоң сенчелик ким барктамак,
Сен болбосоң талаада калаарым чын.

## XIII

Оо, сүйүү!
Дүрбөтүп дүйнө капар сезимдерди,
Күйдүрдү сен кечигип кез келгениң.
Туңгуюк бир абалга кептедиң да,
Калбастан адат болду ээрчигениң.

Тоодобу, кан жолдобу -кайда барсам,
Жан жолдош  болуп алдың катар баскан.
Айла жок, таштап басып кете албадым,
Болсо да, күндөр сенден көңүл калган.

Байладың таттуу ойлордун чылбырына,
Ал чылбыр жагымдуу эле чындыгында.
Айдыңымдын  каттары тумар болду,
Азгырган оттуу сезим сыйкырына.

Кыйналдым, ал кыйноодон алдым азык,
Көңүлүм  кургур дале  учат шашып.
Сагынткан делбириме бир жеткирбей,
Сен кеттиң. А мен жүрөм өңдөн азып.

## XIV

Оо, сүйүү!
Ойлобогон, түшкө такыр кирбеген,
Ар кыл иштер болот тура турмушта.
Ишене албай эсим кетип турамын,
Колдон келсе көк желкеге бир мушта!

Сен келбесең, тагдырымда не болмок?
Өңгүл –дөңгүл жолум кайдан оңолмок.
Табы качкан коломтодой бозоруп,
Жан дүнүйөм жардыланып, тонолмок.

Күтүлбөстөн сен туш келип бактыма,
Күлкүңдү угуп, кубанычтан мас болгом.
Баскан –турган жер да улам кулпуруп,
Булбул сайрап, алтын башка бак конгон.

Бир өзүңсүз пенде кантип жашамак,
Жашоо анда,билбейм,кантип аталмак.
Жаралгандын бүт баарына уютку,
Сен өзүңсүң, ыйык, улук махабат!

## XV

Оо, сүйүү!
Кызыл көйнөк, кымча белиң кулпуруп,
Кылыгың көп бийиктерге умтултуп.
Аярландым аста карап көзүңдү,
Кетеби деп, балким алдап, умсунтуп.

Баш ийип тагдырдын бул жазмышына,
Суктандым көздү уялткан турпатыңа.
Жыпар жыт кытыгылап баш айлантып,
Кол шилтеп, кайыл болдум бүт баарына.

Назиктигиң, аруулугуң жанда жок,
Көктөмдөгу кооз гүлдөй үлбүрөп.
Коюу кара көздөрүңө арбалдым,
Көкүрөккө жылуу илеп, гүл түнөп.

Кызыл көйнөк куп жарашат, чечпей жүр,
Кызгалдактуу кырандарды, эстей жүр.
Алды жыргал, арты азап өмүрдө,
Сен, оо сүйүүм! Жан дилимден кетпей
жүр.

## XVI

Оо, сүйүү!
Адам Ата, Обо Энеден мурдараак
Кайда элең, кайсы ааламда жүрчү элең?
Жарык чачкан күн нурундай кармалбас,
Же жомоктун каарманы Үр белең?

Сени не деп аташчу эле ашыктар,
Сүйүү балын кимге кантип берчү элең?
Угуп ырын жүрөктөрдүн армандуу,
Кантип чыдап, кантип карап турчу элең?

Башатыңды башкалардай дааналап,
Таба албадым, биле албадым негедир.
Кайсы зирек түпкүрүңдү түгөлдөйт,
Адашпастан сырыңды ачат ким сенин?

Сүрөтүң жок, элесиң жок, тилиң жок,
Күч-кубатты алдың кайсы булактан?
Эртели-кеч Айдыңымды эстетип,
Өзүң болдуң тозок отко кыйнаткан..

## XVII

Оо, сүйүү!
Наркы, баасыз мухиттин маржанысың,
Тулку бойдун бүтүндөй дарманысың.
Өзөктү өрттөп ийип, тынчтык бербес,
Барпынын Мөлмөлүндөй арзуу ырсың.

Кадырыңа жетпеген кайрандарга,
Кайгырса кайра келбес ыргактайсың.
Байкабастан белсенген балбандарга,
Тымызын ыргытылган тузактайсың.

Баркыңды баалай билген ашык жанга,
Булуттан бүткөн аппак мамыктайсың.
Мисалы, бир өмүргө мен үчүн сен,
Кайрылып ат байланчу казыктайсың.

Өмүр өтөт, биз өтөбүз, баары өтөт,
Бул дүйнөнүн жазмышына байланып.
Сен өлбөйсүн, Күн, Ай сымал нур чачып,
Жакшы ыр өлбөйт эстеликке айланып.

## XVIII

Оо, сүйүү!
Танкы гүлсүн нурларга жууна элек,
Көңүл кушу башкага бурула элек.
Өзгөрбөгөн нукура турпатынан,
Турмушта шар толкунга уруна элек.

Сен мага жолукканда назик элең,
Көктөмдөгү көк гүлдөй үлбүрөгөн.
Мен анда байоо мүнөз мокок элем,
Колунан гүлү түшүп жүдөп жүргөн.

Сүртүнүп кардай таза актыгыңдан,
Үлгү алып эсеп, чоттуу тактыгыңдан,.
Өткөрдүм өмүр- күндү өтөлгөлүү,
Көктөтүп көңүл кушун шаттыгыңдан.

Кар,борошо, өткүнгө урунсак да,
Кара өзгөйлүк, көктүктөн буулсак да,
Өзгөрбөдүн баягы турпатыңдан,
Өзүң болдуң өзгөчө тагдыр мага.

## XIX

Оо, сүйүү!
Сездим сени Айдыңдын карегинен,
Түрс-түрс каккан тынымсыз жүрөгүңөн,
Күлкүсүнөн чынынын шыңгырындай,
Мага берген майрамдык белегинен.

Туйдум анан тийишип тим тура албай,
Эркелеген ойнооку кылыгыңан.
Тарамынан чачыңын желге ойногон,
Обон созуп ырдаган ырларыңан.

Качан, кайда болбосун мага дайын,
Тагдыр кошкон силерди күтөм дайым.
Чаташтырып, уялтып, анан кээде,
Чатагың көп, таппаймын алапайым.

Барк кадырын көтөрүп тирүүлүктүн,
Боло бербей түркүн түс, түркүн көйдө.
Айдыңымдын өзү бол ардактаган,
Арзуу ыр бол жашаган көкүрөктө.

## XX

Оо, сүйүү!
Чалкыган көлсүң жээги көрүнбөгөн,
Түпсүз отсуң оожалып түгөнбөгөн.
Сени менен чачылып, төгүлөм да,
Сени менен жыйылып түгөлдөнөм.

Турпатыңда ыймандын мээрими мол,
Турагысың чеги жок ырахаттын.
Кубуласың кыялда чындык болуп,
Көз алдыма көйкөлүп, гүлбурагым.

Мээрин сенин жан эргитип дүйнөмдү,
Дил тереңде аруу тилек тутанат.
Көз мончоктой суктандырат илебиң,
Көңүл оту алоолонуп күч алат.

Өрүкзардын кучагындай мээримдүү.
Колтугуна тартып аста аярлап.
Алпештедиң, жаным жыргайт жай алат,
Үмүтүмдүн укуругу узарат.

## XXI

Оо, сүйүү!
Сезип, туюп, акты дагы, караны,
Гүлдүү ажар, жүрөктөгү жараны,
Алаксытып табышмактуу сыр менен.
Ала бербе буюктуруп мазамды.

Кубуласың пери болуп кулпуруп,
Шамал болуп чачтарыңдан сылайын.
Жашыл жазым жарк деп өтүп кеткенче,
Жаштык ырың жашыл нурга жуурайын.

Кыл арканга чырмап алып, көксөөмдү,
Ырахаттуу азап болдуң арбаган.
Кыйналсам да берилгеним берилген,
Сени эңсөөдөн чаңкоом такыр канбаган.

Мен өзүңдүн мээнеткеч бир кулуңмун,
Мажмун сымал дитим сага байланган.
Мээримиңе маза кылып канмайын.,
Айлананда айланганым айланган.

*Миң-Өрүк шамал багы,*
*2002-2008-жылдар.*

# ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Кокус сенден кат алып келеби деп,
Күткөм далай дос кызың –почтальонду.
Кызыл көйнөк кылактап чыкса экен деп,
Тоскон күндөр дале эсте жолдоруңду.

Катар басып жүрсөк да, катар басып,
Ток этээрди айта албай апкаарыдык.
Акыл-эстен адашып кала жаздап,
Аза бойлор титиреп, калтаарыдык.

Арзуумду сага айтуунун жалгыз жолу,
Колу менен сары кыздын сарсептүү.
Артып алып арманды канатына,
Каттар кетчү өзүңө, каттар кетчү.

Биздин аппак сүйүүнүн данакери,
Илберинки, ак ниет, кайра жангыс,
Кара кылды как жарган калыс сөздүү,
Кантип жүрөт болду экен почтальон
кыз?!

Канча суулар акса да, жылдар жылып,
Сени эстесем, жүрөгүм элеп-желеп.
Дале күтүп жүрөмүн сары кызды,
Дагы сенден кат алып келеби деп.

Дагы сенден кат алып келеби деп,
Күтүп жүрсөм сары кыз-почтальонду,
Өзүң келип калбагын, өзүң келип,
Санаа тартпай жолуңду тосоюнчу.

## КЫРКТАГЫ СЕЗИМ

Жанаша эле партабыз бир катарда,
Анда окуйбуз 7-нчи «Б» класста.
Китебиңе тымызын салгам жазып,
«Өзүңдү жактырамын» деген катты.

Андан бери 40 ирет өрүк гүлдөп,
40-ирет эстетти балалыкты.
Экөөбүз эки жолдо, эки түйшүк,
А биздин тунук сезим 40ка чыкты!

Байкуш сезим каржалды 40-ынчы ирет,
Жай саратан, чыкыроон кышкы аязда.
Канткен менен тунугу, тунук бойдон,
Түпкүрүндө жүрөктүн жүрөт туйлап!

«Өзүңдү жактырамын.» деген катка,
«Мен дагы сени, жаным!»-деген жообуң.
40 тын кырын ашканы турат, бирок,
40 жыл бою биз бастык башка жолду.

40-ынчы ирет кайтышып жылуу жакка,
40-ынчы ирет кайрылып келди куштар.
40ка чыккан каттарда баа жетпеген,
Тунук сезим, тун сүйүү, ыйык кут бар.

40ка чыгып калса да тунук сезим,
Сезилет мага наристе жапжаш бойдон.
Түнөк берип жүрөктүн түпкүрүнөн,
Каалгасын бекемдеп бүтөп койгом.

Өмүр ширин, анын да болот чеги,
Үмүт кургур үзүлбөй жашай берет.
Кетсем дагы жык толуп карегиңе,
Көздөрүңдөн бир сүйүп, анан кетем.

## КЕТКЕН ЭЛЕМ КАЙРА КЕЛГЕНИ

Кеткен элем кайра келгени,
Бүгүн мына келдим айланып.
Унута албай жоодур көзүңдү,
Дил сырыңа дилим байланып.

Болоор-болбос иштер мага жол тороп,
Көп түйшүктөн колум бошобой,
Жүрдүм сагынып каажып ичимден,
Шорум кайнап ысык шорподой.

«Келбейсиңби кайра?»-дегениң,
Уюп калган дилде сымаптай.
Эстей берип эрке кыялың,
Өттү түндөр эрте таң атпай.

Келдим мына бүгүн сендикмин.
Карегиңе конуп күнү-түн,
Муңга толгон дилди сугарып,
Агарталы таңды, үмүтүм.

Сиңип калган карек отуңа,
Көз нуруңдан алып жылуулук.
Сезимдерге таштап тамызгы,
Сырлар аксын сыртка суурулуп.

Сени дагы, мени экчеген
Ыйык сезим – оттуу махабат.
Кандай илип алат илмекке,
Кайдан бүтүп, кайдан башталат?

Өмүр кыска, өмүр-көз ирмем,
Эки кирпик-болгон арасы.
Жолуктурду тагдыр мынча кеч,
Канабы эми сүйүү табасы?

Кеткен элем, кайра келсем бу,
Арбап салдың, эми кайта албайм.
Кайра келүү насип кылабы?
Азабыңды кайра тарта албайм.

## КАЙТАЛАНГЫС КЫЯ АЛБАС ТАТТУУ УЧУР

Жайдын таңы, айдын да толгон кези.
Эки жүрөк калыштты жолугушуп.
Булак үнү кытыктап сезимдерди,
Тоо желине беттери тутугушуп.

Сезим күчү толкутуп бүткөн бойду,
Суу чачышып, гүл жыттап…бейиш го бу!
Башкалардын башына мурда, кийин,
Келбегенби, келгенби мындай учур?

Тагдыр жели каяктан айдап келип,
Табыштырды экөөнү бүгүн ушу.
Тамашасы эместир бул тагдырдын,
Бир өмүрдө бир келчү таттуу учурбу?!..

Дил магдырайт. Агарып чыгыш тарап,
Жылдыздар да үйүнө тарап жатты.
Аста жылып үстүнө Кызыл-Дөңдүн,
Ай да байкуш уурданып карап жатты.

Ай нурунан озунуп кыз саамайын,
Тоонун жели желп этип тарап жатты.
Бек кучактап бири-бирин эки жүрөк,
Кайталангыс учурду кыйбайт таттуу.

Кыз мойнуна тагылды гүл маржаны?
Жигит белек кылгандай бермет, шуру.
Жетине албай желпинтип таажыларын,
Айгүлдөр да суктанып карап турду.

«Колдон чыгып кетпейби келген
бактым?»
«Тунук сезим сагынычка кул болбойбу?»
Күңүрттөнөт күдүк ой кош жүрөктө,
Таң калтырып торгойду-тоо булбулун.

Жигит калды оролуп кыз чачына,
Тилегени- турса экен таң атпай.
Дөндөн ары жашынып, Ай, дагы сен,
Ак тилегиң айта тур жылдыздардай.

## ЖАЛАЛАБАД-КУТТУН ШААРЫ
(Обон үчүн)

Жалалабад –куттун шаары
Кулпуруп бак-дарагы.
Көңүлүн көкөлөткөн
Карынын, жаштын дагы.

Кайырма:
Ордосу ынкылаптын,
Бешиги ынтымактын
Акыйкат жолго баштап,
Шаңданткан кыргыз калкын.
Жалалабад, Жалалабад-
Ордосу ынкылаптын.
Жалалабад, Жалалабад-
Бешиги ынтымактын.

Суктантып Ай, жылдызды,
Жаркырап жанган шамы.
Эргиткен жан дүйнөңдү,
Түнкү шаар кандай жагым!

Теңдешсиз атак-даңкы,
Мекени таланттардын.
Жигити эр, кызы наздуу,
Тамшанткан далайларды.

Дары суу даба болуп,
Айыгып арууланган.
Канча адам бул жашоого,
Жаңы дем, илхам алган.

Байлыгы түмөндөгөн,
Казсаң да түгөнбөгөн.
Жети өңүр кыргызымдын,
Жетиги гүлдөп өнгөн.

Бир келип, шаар аралап,
Бир кызын сүйүп калдым,
Тагдырым тартууланган
Ал болду менин бактым.

# КӨЛ ТҮНҮ

Мезгил күлүк жеткирбеген куюнга,
Кууган менен тер шорголоп, тер тамып.
Көлдү көрбөй жашап өтүү-муңдуу
арман,
Көлдүк кызды сүйүп калуу-зор бакыт.

Дил суусунун аруулукка кандырып,
Тоодон эчак ашып кеткен булуттар.
Ажайып бир тазалыкка магдырап,
Аба таза, көл туптунук, дил таза.

Көлдү бойлоп, көлдөн алып күч-кубат,
Кол кармашып сыр ачыштык-бул насип.
Көл чүрөгү-ак көйнөкчөн аруу кыз,
Арбап салдың арзуу күчүн чыңалтып.

Ай нурунда бастык көңүл агартып,
Катар түшүп издерибиз жээкке.
Кадыр түндөй сезилди ар бир түнүбүз,
Тагдырыбыз тартуу кылган белектей.

Тийишкенсип катар баскан буттарга,
Толкун өбөт жээкти улам имерип.
Ашыктырып бузбай Күндүн уйкусун,
Таңды атпай турса экен деп тиледик.

Кош айтыштык баш тарталбай
тагдырдан,
Унута албай көлдүн түнүн, ак таңын.
Толкундары чуркап келип ашыгып,
Жээкке урунуп, мунайып калып калган.

Кыйыша албай манжаларды, манжалар,
А издерди жууп салды толкундар.
Канча дагы сырлар калды айтылбай,
Канча дагы ырлар калды ырдалбай.

Мезгил-өктөм, мезгил- дайра шар аккан,
Мелжегенге жетпей карек тунарат.
Көлдү сүйүп жашоо-парыз кыргызга,
Көлдүн кызын сүйүп калуу-машакат.

## ЖИЙДЕЛИ КАЙРЫКТАРЫ

### 1. ЖИЙДЕЛИГЕ

Өйдө каттайм, ылдый каттайм, иштер көп,
Бирде токтоп, бирде токтой албаймын.
Бакыраң көз балдар менен алышып,
Муюп уккум келет сөзүн чалдардын.
Бүгүн токтоп, өрүкзарды айланып,
Жан териме батпай толуп, шаңдандым.

Тагдыр айдап алыстарда жүрсөм да,
Киндик каным сага тамган буйруктан.
Ага күбө визиткаңдай өрүкзар,
Көлдү бойлоп сызган эркин булуттар,
Сыр-Дайрадан сени бөлгөн темир жол,
Аксакалдар-кечээги эле жаш балдар.

Жол боюнда өрүктөрдү ыргалтып,
Өйдө-ылдый соккон шамал ырында,
Жээктеринде толкуп жаткан көлүңдүн,
Суу жетпеген арыгыңдын нугунда
Ойнойт менин балалыгым жыңайлак,
Жашайт менин ата-тегим канымда.

Суудан чаңкап уйку салган гүлүндүн
Гүнчасында, арасында таштардын,
Толкунунда өркөчтөгөн дайраңдын,
Дүбүртүндө таскактаган аттардын
Баёо мүнөз балалыгым жашынган,
Бүгүн келип, а мен аны таап алдым.

Жер өзгөрүп, эл да өскөн, сен да өстүң,
А балалык бала бойдон жайдары.
Көз жаш көлдөп, кырк кабыргам
сөгүлүп,
Ойноп өскөн өрүкзарым аңтардым.
Буттай болуп чыгып калган жууркандан,
Не бөлүнүп калдың журттан? Аң-
таңмын.

Турмуш катаал. Ушул катаал жашоодон,
Таптымбы же таппадымбы ордумду.
Мажүрүм тал боло алдымбы, шапада,
Менен тоскон чаалыкканда жолуңду?
Аны өзүң гана баалай аласың,
Сенин гана бааң таза, толумдуу.

## 2. ЧАҢКАГАН ӨРУКЗАРГА

Күн келет чычаласын колго кармап,
Тегиз бирдей нур чачып сапарында.
Өрүкзарым, күйгөнүң ага бир пул,
Чаңкаганың албайт же капарына.

Уланат күндө кайра сапары анын,
Куйкалап тоону, адырды, өрүктөрдү.
Күзгө жетпей сапсары бариктериң,
Сагынасың көктөмдү жаан төккөн.

Сыр-Дайраны бойлоп барып, тоону аша,
Илинип кайра карап арт жагына,
Кызылга боеп жер, тоо, булуттарды,
Жоошуйт Күн. Дем аласың куйкаланбай.

Өзүңдөгү бир арман-муңдуу арман,
Шамалга кошо ырдалган кечте, таңда,
Булутка жетпей калган өсүү токтоп,
Насип кылбай катарлаш аккан дайра.

Сырдуу дайра обдулуп токтоно албай,
Жээкке урунуп, жутунуп арманын да,
Умсунат ишке ашпай аруу максат,
Өрүктөргө суу чачпай калганына.

Күн келет чыгаласың бекем кармап,
Булут келет суу жүктөп сапарында.
Күндө эмес, бир күн бир күйүп булут,
Чаңкаганың алаар дейм капарына.

## 3. МАЖҮРҮМ ТАЛДЫ САМАЙЫНАН СЫЛАП КОЙ
(Уулума)

«Бирден миңге, миңден кийин түмөн»,-
дейт,
«Жалгыз жандын жетээр жери күмөн»,-
дейт.
Ата-энеңдин, элдин акыл, батасын.
Албай жолго чыксаң, кырсык
жүгөндөйт.
Жакшы элиңдин «жаманы» бол ырыстуу,
Жакшылыктын сапар жолу түгөнбөйт.

Ата Журттун таза, салкын абасын,
Кан-жаныңа сиңирип жүр, сиңирип.
Атпай кыргыз тарыхына, салтына
Көңүл коюп көз салып жүр үңүлүп,
Ата-энеңдин, ата-энеңди билгендин
Дубасын ал, ызаат кылып, ийилип.

Атаң жазып берген накыл, дубасын
Жүрөгүңдүн дал тушуна ката жүр,
Караңгыда, калың өскөн токойдо,
Карбаластап калбай, жолуң таба жүр.
«Туулган жердин топурагы алтын»-дейт,
Топурагы булганбасын, таза жүр.

Мекениңдин авазалуу ырына...
Кайталангыс кайрыгы мол ыргак бол.
Пайтешесин пайитин таап чапкын да,
Түшкөн кышын кайра ордуна кынап кой.
Керек болсо айдарым жел болгун да,
Мажүрүм талын саамайынан сылап кой.

## 4. ӨРҮКЗАРГА БЕР АЙЛУУ ТҮНДӨРҮҢДҮ (САТЫКЕГЕ)

Байкадыңбы, оо досум, Жийделинин
Өрүкзары куйкаланып жатканын,
Күн уйкудан көзүн ачып, күндө эрте,
Батаарында сары санаада калганын.

Ойлодуңбу сапардагы жолоочу,
Өрүкзарга боору ачып өтөөрүн?
«Бул айылдын жигиттери бар беле?
А бар болсо кайда экен?-» деп кетээрин?

Муңду артынып мусаапырдай боз адыр,
Мөңгү жаткан тоолорду эңсеп жете
албайт.
Жаштар сыртта тагдыр жасап жүрүшөт,
Карыялар жерин таштап кете албайт.

Көкүрөгүң уюган терең сырга,
Элдин арзуу тилеги ырларында,
Жана дагы сапсаргылт жалбырактар
Өмүрү эрте үзүлгөн бутагынан.

Саргыч ыраң, санаалуу жалбырактар
Өмүрү эрте үзүлүп бутагынан
Жатканына кимдерди күнөөлөйбүз?
Өрүктөрдүн муң-зарын кимдер угат?

Куу бутактын муңдуу ыры жанды эзип,
Ачыштырып мыкчыйбы жүрөгүңдү?
Кетмениңди көтөр да, алышка бар,
Өрүктөргө бер айлуу түндөрүңдү.

## МАЗМУНУ

1. Махабат-ыйык сезим - 5

2. Сезим тамчылары (түрмөк) - 7

3. Оо, сүйүү! (түрмөк) - 47

4. Үзүлбөгөн үмүт - 69

5. Кырктагы сезим -70

6. Кеткен элем кайра келгени - 71

7. Кайталангыс кыя албас таттуу учур - 73

8. Жалал-Абат-куттун шаары - 75

9. Көл түнү - 77

10. Жийдели кайрыктары - 79

а) Жийделиге - 79

б)Чаңкаган өрүкзарга - 81

в) Мажүрүм талды саамайынан сылап кой - 82

г) Өрүкзарга бер айлуу түндөрүңдү (Сатыкеге) - 83

Тургунбай Жумаев

Адабий көркөм чыгарма

Оо, сүйүү
ырлар

| | |
|---|---|
| Редактору | Зулпукар Балтабаев |
| Техникалык редактор | Муктар Маматалиев |
| Корректор | Бурулай Калыкова |
| Компьютерде терген | Ысмайылова Б.Ы. |
| Калыпка салып көркөмдөгөн | Караева Г. |

Терүүгө 09.06.2009-ж. берилди.
Басууга 05.08.2009-ж. кол коюлду.
Көлөмү 2,70 басма табак. Нускасы 1000.
Буюртма №793.
Ош ш., Курманжан Датка-209.
«Ошоблбасмакана» АК.